ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

**№7 ПРОТОКОЛУ**

*3-апрель, 2025-жыл.*

*Төрага* Б.А. Азимов
*Окумуштуу катчы* З.Ж. Мурзакматова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 42 мүчөсү катышты.

***Күн тартиби:***

1. Институттун сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндөгү окуу-усулдук иштердин абалы жана алдыдагы милдеттери *(Баяндамачы: директордун санариптештирүү жана электрондук билим берүү боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент Абдумиталип уулу Кубатбек);*
2. ЖФ жана ФОУ кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери *(Баяндамачы: комиссиянын төрагасы ИСП кафедрасынын доценттти, ф.-м.и.к. Аркабаев Нуркасым Кылычбекович);*
3. Институтта окутулуп жаткан багыттары боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарттарын талкуулоо;
4. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: кеңешменин төрагасы, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-2-маселелерге 15 минутага чейин жана жарыш сөзгө чыккандарга, талкууларга 3 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: Институттун сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндөгү окуу-усулдук иштердин абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча МФТИТ институтунун директорунун санариптештирүү жана электрондук билим берүү боюнча орун басары, ф.-м.и.к., доцент Абдумиталип уулу Кубатбектин отчету угулду.

ТАЛКУУ: *А.Ч. Омаралиев (АССТ кафедрасынын доценттти):* "Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө" Ж О Б О нун 8.38.де Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жана бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо билим алуучулардын катышуусу менен күндүзгү формада жүргүзүлөт деп турат, "күндүзгү формада" эмес "күндүзгү формадагыдай" деп өзгөртүп коюу керек.

*У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент):* эгерде студент прокторинг аркылуу модуль, экзамен тапшырса чет өлкөдө туруп тапшырса болобу же сөзсүз Кыргызстандын аймагында болуу керекби?

*Абдумиталип уулу К.*: эгерде студент прокторинг аркылуу экзамен тапшырган болсо, анда студент чет өлкөдө болсо да боло берет.

*М.Ч. Өскөнбаев (ЭТФ кафедрасынын башчысы, доцент):* акыркы учурлардан баарыбызга белгилүү болуп жаткандай техникалык университетинде студенттер чет өлкөдө жүрүп, баалар коюлуп калган деген жалаа коюлуп, анын артынан канчалаган студенттер, окутуучулар жапа чегип, жооп берүүдө. Биз андай иштердин алдын алуу боюнча иш аракеттер каралып жатабы?

*Абдумиталип уулу К.*: ооба, "Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө" Ж О Б Онун негизинде сиз айткандай иштердин алдын алуу максатында ОшМУнун прокторинг системасы ишке кирди. ОшМУнун билим берүү порталы https://mooc.oshsu.kg/ аралыктан билим берүү колдонулган бардык дисциплиналардын ЭОМКлары жана видеосабактары (бир сабак 5-10 минутага чейин) даярдалып порталга жайгаштырылуусу талап кылынган. https://mooc.oshsu.kg/ билим берүү порталынан дистанттык окуу бөлүмүндө окуп жаткан ар бир студент окуп, прокторинг аркылуу модуль, экзамендерин тапшырууга болот.

*А.Ч. Омаралиев (АССТ кафедрасынын доценттти):* студенттин өздүгүн далилдеген дегенди ким карайт жана жооп берет?

*Абдумиталип уулу К.*: прокторинг - бул студенттердин тесттерди жана башка экзамендерди онлайн режиминде тапшыруу учурундагы аракеттерин көзөмөлдөө технологиясы, башкача айтканда, тесттин уюштуруучулары атайын программа, веб-камера жана микрофон аркылуу экзамен тапшыруучуларды көзөмөлдөп турушат. Ошондой эле, студент экзамен тапшырган отурганда өзүн, паспортун кармаган учурда жана экзамен тапшырып бүткөнчө аны бир канча жолу сүрөткө, видеого алып турат. Ал студентти өздүгүн далилдөөдө жанында башка жардам берген адам жокбу, студенттин өзүбү ошол сүрөттөр, видеолор аркылуу окутуучу тастыктайт. Кокустан студент экзаменден 1-жолку тапшыруудан өтө албай калса эмне болот деген суроого, андай учурда ректорубуздун сунушу боюнча 2-жолу да мүмкунчүлүк берүү жагы каралды.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* эгерде студент прокторинг аркылуу экзамен тапшырган учурда педагогикалык практиканын отчетторун кантип тапшыра алышат?

*Абдумиталип уулу К.*: "Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө" Ж О Б Онун негизинде 8.37. пунктунда Аралыктан окутуу колдонулган билим берүү программаларын өздөштүрүп жаткан студенттер үчүн практика өткөрүү тартиби, ОшМУнун практикаларды уюштуруу жөнүндөгү жобосуна ылайык жүргүзүлөт. Бирок, окуунун спецификасын эске алуу менен практика отчетун коргоо аралыктан жүргүзүүгө болот деп каралган.

*Ы. Ташполотов (ЭТФ кафедрасынын профессору):* студенттер https://mooc.oshsu.kg/ аралыктан билим берүү системасы аркылуу окуп, прокторинг аркылуу экзамен тапшырса, практикаларын да каалаган жерде, каалаган убакытта аткарса болобу?

*Абдумиталип уулу К.*: студенттерде жаңы окуу жылынан баштап практикаларды тандоо мүмкүнчүлүгү (практиканын түрүнө жараша, кайсы семестрде өтөө) каралып жатат.

*У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент):* 1-курска кабыл алынган студенттердин 1-семестриндеги основы дистанционного обучения дисциплинасына келүү шартбы?

*Абдумиталип уулу К.*: 1-курстар үчүн адаптациялык жума пландаштырылган.

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* урматтуу кафедра башчылары ар бир дистанттык окуу бөлүмүндө сабагы бар кафедра мүчөлөрү ОшМУнун аралыктан билим берүү порталы https://mooc.oshsu.kg/ бардык дисциплиналардын ЭОМКлары жана видеосабактары даярдалып порталга жайгаштырылуусун көзөмөлдөнүздөр.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

**1.** МФТИТ институтунун санариптештирүү жана электрондук билим берүү боюнча директордун орун басары Абдумиталип уулу Кубатбектин отчету канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Сырттан окуу формасына жаңы кабыл алынган (которулуп келген, окуусун калыбына келтирген жана академиялык өргүүдөн кайткан) ар бир студент MyEDU системасына, билим берүү порталына (https://mooc.oshsu.kg) кирүүсү үчүн жеке аккаунт маалыматтары (логин, сыр сөз) менен камсыздалсын жана аралыктан билим берүү жана баалоо технологияларын колдонуу боюнча окутуучуларга, студенттерге түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн. Аткарылышын камсыздоо дирекцияга, кафедра башчыларына жана кураторлорго жүктөлсүн.
3. Билим берүү порталына аралыктан билим берүү колдонулган бардык дисциплиналардын ЭОМКлары 2025-жылдын 11-апрелге чейин 100% жайгаштырылсын жана видеосабактары (бир сабак 5-10 минутага чейин) даярдалып порталга жайгаштырылсын. Аткарылышын камсыздоо кафедра башчыларына жана предметниктерге жүктөлсүн.
4. Билим берүү порталындагы ЭОМКлардын сапатын көзөмөлдөө институттун усулдук кеңешинин төрайымына жана кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
5. Жыйынтык текшерүүлөрдү аралыктан алуу учурунда прокторинг системасы (proctor.oshsu.kg) колдонулсун. Кафедрадагы ар бир окутуучу тарабынан сырттан окуу бөлүмүндөгү сабагы үчүн тесттик тапшырмалар түзүлсүн. Аткарылышын камсыздоо кафедра башчыларына, директордун орун басарына жүктөлсүн.
6. Аралыктан билим берүү технологияларынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүп, санариптик издерди талдоо аркылуу студенттердин окуу процессине катышуусун көзөмөлдөө институттун сырттан окуу бөлүмүнө жүктөлсүн.
7. Студенттер менен онлайн жолугушууну үзгүлтүксүз уюштуруп туруу бүтүрүүчү кафедранын башчыларына, программа жетекчилерине жана директордун орун басарына жүктөлсүн.
8. Жалпы көзөмөл директордун санариптештирүү жана электрондук билим берүү боюнча орун басары, доцент Абдумиталип уулу Кубатбекке жүктөлсүн.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: ЖФ жана ФОУ кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча комиссиянын төрагасы ИСП кафедрасынын доцентти, ф.-м.и.к. Н.К. Аркабаевдин билдирүүсү угулду.

*Талкуу: А.Ч. Омаралиев (АССТ кафедрасынын доценнти):* кафедрада жалпы 10 профессордук окутуучулук курам эмгектенсе, сапаттык жетишүү кантип 44% берет?

Жооп: кафедрада 10 профессордук окутуучулук курам эмгектенет. Алар 3 илимдин кандидаты (доцент, улук окутуучу), 3 улук окутуучу, 3 окутуучу, 1 айкалыштыруучу. Ошондо сапаттык көрсөткүч 44% түзөт.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* кафедранын илимий изилдөө иштери боюнча скопус эле эмес окуу усулулдук колдонмолору бар, иш берүүчүлөр менен жолугушуу өткөрүп турушат.

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* ОшМУнун жарчысынан эмне үчүн макала жок экен? Башка журналдарга чыгарып жатышат?

*М.Ж. Калбекова (ЖФ жана ФОУ кафедрасынын башчысы):* Менин 4 макалам бар болчу, техникалык катачылыктарга байланыштуу көрсөтүлбөй калыптыр.

*У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент):* ЖФ жана ФОУ кафедрасындагы окуу, усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча комиссия жакшы иштеген. Ар тараптуу караган. Физика, математика, информатика адистигин Ош шаарында 3 университет окутуп, чыгарат. Министрликке талап коюу керек бюджетке көбүрөөк орун берүүсүн.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* менда Улан Адахимжановичтин сөзүнө кошуламын. Бюджетке көбүрөөк орун берүү керек.

*У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент):* бюджеттик орунга аз орун берилип, конкурс күчтүү болгондуктан. Жогорку балл менен келген абитуриенттер бюджетке өтө албай, башка ЖОЖдорго бюджеттик негизде тапшырып калышат.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген отчеттун, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Комиссиянын төрагасы, ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаевдин билдирүүсү эске алынсын;
2. Илимий изилдөөлөрдү активдештирүү (ОшМУнун жарчысы, Scopus жана Web of Science индекстелген журналдарда макалаларды жарыялоо) иштери жүргүзүлсүн;
3. Эл аралык кызматташтыкты өркүндөтүү жана академиялык мобилдүүлүктү күчөтүү жактары колго алынсын;
4. Окуу-методикалык комплекстерди, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду жана электрондук басылмаларды даярдоо жолго коюлсун;
5. Мектептер менен кызматташуу жана профориентация иштерин уюштуруу колго алынсын, абитуренттерди тартуу жактары каралсын;
6. Министриликтен физика адистиги үчүн көбүрөөк бюджеттик орун берилүүсү суралсын;
7. Жогорудагы сунуштардын аткарылышы кафедра башчысы ф.-м.и.к. М.Ж. Калбековага милдеттендирилсин.

**3-маселе.**

Институтта окутулуп жаткан төмөнкү багыттар боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарттарын талкуулоо жана тармактык комитетке сунуштоо:

1. 550200 Физмат билим берүү (математика, информатика профили), физика (профили) (бакалавриат) жана Билим берүүдөгү менеджмент (магистратура);
2. 510100 "Математика" (бакалавриат, магистратура);
3. 710100 "Информатика жана эсептөө техникасы" (бакалавриат, магистратура);
4. 710400 "Программалык инженерия" (бакалавриат);
5. 710200 "Информациялык системалар жана технологиялар" (бакалавриат, магистратура);
6. 700500 "Мехатроника жана робототехника" (бакалавриат);
7. 510200 "Колдонмо математика жана информатика" (бакалавриат, магистратура);
8. 710300 "Колдонмо информатика" (бакалавриат, магистратура);
9. 590100 "Маалыматтык коопсуздугу" (бакалавриат, магистратура);
10. 510700 "Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрлөө" (бакалавриат);
11. 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" (бакалавриат, магистратура);
12. 750100 "Архитектура" (бакалавриат).

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* ар бир багыт боюнча жаңы стандарттарды түзүү жана аны талкуулоо боюнча тиешелүү жумушчу топтор жана тармактык комитет түзүлүп, иш алып барышты. Стандарттар бир нече жолу текшерилип, талкууланып тиешелүү кафедранын кеңешмелеринде каралган. Бүгүн биз бул маселени дагы бир жолу институттун Окумуштуулар кеңешинде талкуулап, тармактык комитетке сунуштасак.

Институттун кафедра башчыларынын билдирүүлөрү угулду.

***Талкуу:*** *М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценти):* стандарттарды иштеп чыгууда формалдуу эмес, абдан тыккаттык менен реалдуу кароо керек.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* Стандарттар ар бир кафедранын кеңешмелеринде каралып жана ар бир жумушчу топтор да бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүп, талкуулаганбыз.

*Ы. Ташполотов (ЭТФ кафедрасынын профессору):* мен комиссияда жокмун, бирок 550200 Физмат билим берүү (математика, информатика профили), физика (профили) жана Билим берүүдөгү менеджмент багыттарынын жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарттарын талкуулоосуна катышып, стандарттын карап чыктым. Менин оюмча стандарт жакшы жазылган. Учурда программаларды түзүүдө жаңы түзүлүштөрдү, жаңы ачылыштарды чагылдыруу керек. Стандарттын ички маңызына келгенде жакшы кароо керек. Андан сырткары студенттерди окутуудагы керектелүүчү физикалык приборлорду жаңылоо керек.

*А.Ч. Омаралиев (АССТ кафедрасынын доценти):* бул маселе боюнча дагы кезексиз ОК уюштуруп кеңири карайлы.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* кафедралардын кенейтирилген кеңешмелеринде бул маселе кеңири каралып жатат, ар бир кафедра башчысы жана кафедранын окутуучулары катышуусу зарыл.

*М.Ч. Өскөнбаев (ЭТФ кафедрасынын башчысы, доцент):* стандарттарды тармактык комитетке сунуштап коё берүү керек. Ар бир кафедрада иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдөн, Ата мекендик ЖОЖдордун кызматкерлеринен, чет өлкөлүк ЖОЖдордун кызматкерлеринен турган жана кафедранын окутуучулары менен каралып жатат. Биз окуу пландарын түзүп жатканда жакшы карап, көңүл буруп түзүп, андан кийин бекитүү керек.

*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценти):* менин билишимче буга чейин башка ЖОЖдордун

стандарттарын, окуу пландарына карап окутуп жатканбыз. Учурда биз ОшМУ Кыргызстанда ЖОЖдордун арасында 1-орунда болуп жаткандыктан, биз биринчилерден болуп стандарт, окуу план ж.б. түзүп, башка ЖОЖдордон алдыда болушубуз керек.

*М.Ч. Өскөнбаев (ЭТФ кафедрасынын башчысы, доцент):* ошондуктан урматтуу кесиптештер, кафедранын кеңейтирилген кеңешмесине катышып, оюбуз менен бөлүшүп туралы.

*Г.М. Матиева (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* институтта окутулуп жаткан багыттар боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарттарын талкуулоо жана тармактык комитетке сунуштоо бул негизги маселе. Ошол стандартта көрсөтүлүп жаткан окутуунун компетенцияларын, натыйжаларын калыптандырууну мазмундуу бере турган бул-окутуучу. Азыр күндөн күнгө жаңы технологиялар өнүгүп жаткандыктан мурунку маалыматтар менен сабак өтө берсек анда болбойт. Окутуучунун билим деңгээлине жараша иш алып барылат.

*А.О. Келдибекова (МИОТ жана ББМ кафедрасынын башчысы, профессор):* туура айтасыздар, окуу пландарына жаңы дисциплиналар кошулган.

*А.Ч. Омаралиев (АССТ кафедрасынын доценти):* ар бир жумушчу топто ЖОЖдор аралык координаторлор барбы? Кеңешмелерде алар дагы катышабы?

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* МФТИТ институтунда ишке ашырылып жаткан бардык багыты адистиктерде билим берүү стандартын иштеп чыгуу үчүн атайын төмөнкүдөй курамдардын негизинде жумушчу топтор түзүлүп, бекитилген:

I. Тиешелүү кафедралардын окутуучулук курамынан;
II. Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдөн;
III. Ата мекендик ЖОЖдордун (коллеждердин) кызматкерлеринен;
IV. Чет өлкөлүк ЖОЖдордун (колледждердин) кызматкерлеринен;
V. Илимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдөн, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү.

*З.И. Омаралиева (ЖФ жана ФОУ кафедрасынын доценти):* кафедранын кеңейтирилген кеңешмелеринде институтта окутулуп жаткан багыттар боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу үчүн аябай көп аракеттер жасалды, талкуулап жатабыз. Менин оюмча окутуунун каражаттары гана өзгөрдү. Бардык кафедра башчылар, ар бир жумушчу топтун мүчөлөрү чогулуп окуу пландарына карап, окутула турган дисциплиналарды бирден карап чыксак максатка ылайыктуу болот.

*Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* жаңы иштелип чыккан стандарттар, БПнын максаттарын, компетенцияларын жана окутуу натыйжалары тиешелүү кафедранын кеңешмелеринде каралган. Андан сырткары ар бир жумушчу топтор да бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүшүп, талкуулашкан. Анда бул сунушту тармактык комитетке сунуштай берсек болот.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

Институтта окутулуп жаткан төмөнкү багыттар боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарттары тармактык комитетке сунушталсын:

1. 550200 Физмат билим берүү (математика, информатика профили), физика (профили) (бакалавриат) жана Билим берүүдөгү менеджмент (магистратура);
2. 510100 “Математика” (бакалавриат, магистратура);
3. 710100 “Информатика жана эсептөө техникасы” (бакалавриат, магистратура);
4. 710400 “Программалык инженерия” (бакалавриат);

5. 710200 "Информациялык системалар жана технологиялар" (бакалавриат, магистратура);
6. 700500 "Мехатроника жана робототехника" (бакалавриат);
7. 510200 "Колдонмо математика жана информатика" (бакалавриат, магистратура);
8. 710300 "Колдонмо информатика" (бакалавриат, магистратура);
9. 590100 "Маалыматтык коопсуздугу" (бакалавриат, магистратура);
10. 510700 "Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрлөө" (бакалавриат);
11. 640200 "Электроэнергетика жана электротехника" (бакалавриат, магистратура);
12. 750100 "Архитектура" (бакалавриат).

**Ар түрдүү маселелер.**

а) ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору", "ОшМУнун заманбап окутуучусу", "Педагогикалык дебют" конкурстарына МФТИТ институтунун окутуучуларын сунуштоо.
УГУЛДУ:

Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент): ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору", "ОшМУнун заманбап окутуучусу", "Педагогикалык дебют" конкурстарына комиссиянын чечими менен университеттик турга окутуучуларды сунуштоо боюнча институттун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы, доцент Э.А.Мамазиаевага сөз берели.

*Э.А.Мамазиаева (МФТИТ институтунун ОМКнын төрайымы):* буга чейин институттун ичинде комиссия түзүлүп, жогорудагы конкурска талапкерлердин сабактарына катышышып, окуу-методикалык документациясы текшерилип, сабактарына анализдер берилди. Талапкердин өтүлгөн ачык сабактары заманбап технологияларды, интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлдү. Жыйынтыгында комиссия мүчөлөрү талапкерлердин жобонун критерийлери боюнча топтогон баллдарынын негизинде "Институттун заманбап лектору" номинациясы боюнча талапкерди аныкташты. Төмөнкү окутуучу университеттик турга катышууга сунушталды:

Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Мурзакматова Зияда Жумабаевна - "ОшМУнун заманбап лектору" конкурсуна;
Институттун Окумуштуулар кеңеши Т О К Т О М  К Ы Л А Т:

МФТИТ институтунун төмөнкү окутуучусу ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору" конкурстарына катышууга сунушталсын:

Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын улук окутуучусу Мурзакматова Зияда Жумабаевна - "ОшМУнун заманбап лектору" конкурсуна.

б) ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору", "ОшМУнун заманбап окутуучусу", "Педагогикалык дебют" конкурстарына МФТИТ институтунун окутуучуларын сунуштоо.

УГУЛДУ:

Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент): ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору", "ОшМУнун заманбап окутуучусу", "Педагогикалык дебют" конкурстарына комиссиянын чечими менен университеттик турга окутуучуларды сунуштоо боюнча институттун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы, доцент Э.А.Мамазиаевага сөз берели.

*Э.А.Мамазиаева (МФТИТ институтунун ОМКнын төрайымы):*
Буга чейин институттун ичинде комиссия түзүлүп, жогорудагы конкурска талапкерлердин сабактарына катышышып, окуу-методикалык документациясы текшерилип, сабактарына

анализдер берилди. Талапкердин өтүлгөн ачык сабактары заманбап технологияларды, интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлдү. Жыйынтыгында комиссия мүчөлөрү талапкерлердин жобонун критерийлери боюнча топтогон баллдарынын негизинде "Институттун заманбап окутуучусу" номинациясы боюнча талапкерди аныкташты. Төмөнкү окутуучу университеттик турга катышууга сунушталды:

Алгебра жана геометрия кафедрасынын окутуучусу Мустапакулова Чолпон Абакуловна - "ОшМУнун заманбап окутуучусу" конкурсуна;

Институттун Окумуштуулар кеңеши Т О К Т О М К Ы Л А Т:

МФТИТ институтунун төмөнкү окутуучулары ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап окутуучусу" конкурстарына катышууга сунушталсын:

Алгебра жана геометрия кафедрасынын окутуучусу Мустапакулова Чолпон Абакуловна - "ОшМУнун заманбап окутуучусу" конкурсуна.

в) ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору", "ОшМУнун заманбап окутуучусу", "Педагогикалык дебют" конкурстарына МФТИТ институтунун окутуучуларын сунуштоо.

УГУЛДУ:

Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент): ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "ОшМУнун заманбап лектору", "ОшМУнун заманбап окутуучусу", "Педагогикалык дебют" конкурстарына комиссиянын чечими менен университеттик турга окутуучуларды сунуштоо боюнча институттун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы, доцент Э.А.Мамазиаевага сөз берели.

*Э.А.Мамазиаева (МФТИТ институтунун ОМКнын төрайымы):*
Буга чейин институттун ичинде комиссия түзүлүп, жогорудагы конкурска талапкерлердин сабактарына катышышып, окуу-методикалык документациясы текшерилип, сабактарына анализдер берилди. Талапкердин өтүлгөн ачык сабактары заманбап технологияларды, интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлдү. Жыйынтыгында комиссия мүчөлөрү талапкерлердин жобонун критерийлери боюнча топтогон баллдарынын негизинде "Педагогикалык дебют" номинациясы боюнча талапкерди аныкташты. Төмөнкү окутуучу университеттик турга катышууга сунушталды:
Колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын окутуучусу Калбаев Жанболот Искендерович - "Педагогикалык дебют" конкурсуна.

Институттун Окумуштуулар кеңеши Т О К Т О М К Ы Л А Т:

МФТИТ институтунун төмөнкү окутуучулары ОшМУ тарабынан уюштурулуп жаткан "Педагогикалык дебют" конкурсуна катышууга сунушталсын:

Колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын окутуучусу Калбаев Жанболот Искендерович - "Педагогикалык дебют" конкурсуна.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова